1.3.5. Той ээси тарабынан тойго арнап бир бодо мал жана ага кошумча бир кой союу жана ашыкча чыгымга жол бербөө;

1.3.6. Окуучу балдар үчүн коно берүүгө тыюу салуу;

1.3.7. Эли журтту сүннөт тойго чакыруу өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жүргүзүлөт;

1.3.8. Тойго келген жакын туугандарына (адиялар) согум сойду жана нан таркатуу иштерин уюштурбоо;

1.3.9. Келген жакын туугандарына (кудаалар) себет коюуну төрттөн ашырбоо;

1.3.10. Калпак, оромол жана дасторкон көтөрүп келүүнү токтотуу, колдон келсе акча каражаты жактан жардам берүү;

1.3.11. Сүннөт тойду өткөрүүдө түрдүү белектер, кийим кече бир гана балдар үчүн алынып, баланын ата-энесине, жакын туугандарына сарпай берүү, себет тартуу, коно берүү, жакын туугандары тарабынан эмеректерди алып келүүнү токтотуу;

1.3.12. Жакын туугандарына коно берүү мүмкүнчүлүккө жараша болуп, адамдын саны 30дан ашырбоо жана ашыкча ыксыз чыгымдарга жол бербөө;

1.3.13. Той ээсинин досторун сыйлоо мүмкүнчүлүккө жараша жүргүзүлөт, ашыкча чыгымдарга тыюу салынат.

**1.4. Уул үйлөө жана кыз узатуу каада-салттарын өткөрүнүн тартиби:**

1.4.1. Уул үйлөө тоюунда (ЗАГС) бир жеңил унаа жана бир чоң унаа (бусик ж.б.) менен гана чыгуу;

1.4.2. Кызга калың берүү эки тараптын келишими менен жүргүзүлөт;

1.4.3. Кыз тарапка 100кг. пахта, мал жандыктарды търттън ашырбоо жана 800, 1000 даанага чейин нан берүү;

1.4.4. Күйөө балдарга тогуз табак коюу деген көрүнүштөрдү токтотуу;

1.4.5. Тойго алынып барылучу кант жана таттууларды төрт кутудан (коробка) ашырбоо (эки тараптын ортосундагы);

1.4.6. Тойго келгендерге себеттерди тартуу търттън ашырбоо;

1.4.7. Үй эмеректерин алуу

(мебель ж.б.) эки тараптын келишүүсү менен жүргүзүлөт, ашыкча чыгымдарга жол берилбейт;

1.4.8. Уул үйлөө, кыз узатуу тойлоруна барган жарандарга себет, калпак, материал ж.б. буюмдарды алып барууга тыюу салуу (мүмкүнчүлүккө карап акча каражаты жактан жардам берсе болот);

1.4.9. Турмушка чыгып жаткан кыздар үчүн улуттук кийим менен тойго чыгуу жагы сунушталат;

1.4.10. Өз үйлөрүндө куда сыйларды өткөрбөө (эки тарап той күнү мүмкүнчүлүккө жараша тойканага чакырса болот, адамдын саны 200гө чейин);

1.4.11. Кыз көчүрүүдө кыз тараптагы эркектердин баруусуна жол бербөө;

1.4.12. Кыз көчүрүп келүү каада-салттарындагы ашыкча үрп-адаттарды жок кылуу (жүк акчасын алуу, жол тосуу ж.б.);

1.4.13. Кыз көчүрүүгө 30 адамдан ашырбоо (аялдар);

1.4.14. Кызга сөйкө салуу учурундагы ашыкча көрүнүштөрдү кыскартуу, адам санын бештен ашырбоо;

1.4.15. Сөйкө салуу учурунда материал ж.б. баалуу белектерди бербөө.

**1.5. Күйөө чакырык, келин көрдү каада-салттарынын өткөрүнүн тартиби:**

1.5.1. Күйөө чакырык жана келин көрдү аземине көп адамдардын баруусуна жол бербөө, адамдын санын бештен ашырбоо жана ашыкча чыгымдарга тыюу салуу;

1.5.2. Мал жандыктарды сойбоо.